**Протокол 6**

**Табигый-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын жыйыны**

**Дата:** 20. 01.2026-ж. **Убактысы:** 14:00
**Катышкандар:** 20 адам

**Күн тартиби:**

1. Кафедрада өз ара сабакка катышуулардын абалын талдоо.
2. Кафедранын окутуучуларынын илимий-изилдөө иштерин пландаштыруу.
3. Ар кандай маселелер.

## 1-суроо боюнча.

**Угулду:** кафедра башчысы, ф.и.к., доцент **Р.О. Юсупова**, кафедра мүчөлөрү үчүн өз ара сабакка катышуунун графиги түзүлгөн жана анда бир окутуучу ар бир семестрде экиден сабакка катышуусу керек экендигин баса белгилеп, буга чейин жаңы келген: А.З. Танабаева, А.К. Сакибаева, Г.М. Осмонбекова, К.М. Батырова эжекелер өз ара сабактарга катышып, тажрыйба алмашуу иштери болуп аткандыгы жөнүндө тааныштырып өттү.

**Сүйлөөгө чыгышты:**

- **Аргынбаева А.Т.** — негизи окуу жайлардын баарында бул иш-чара жүргүзүлөт. Себеби, бири-бирибизден үйрөнө турган нерселерибиз арбын. Кафедра башчы айтып өткөндөй, ар бир окутуучу милдеттүү түрдө жыл ичи бир нече сабактарга катышуусу зарыл деп, айтты.

## 2-суроо боюнча:

**Угулду:** кафедра башчысы **Р.О. Юсупова,** кафедрадагы илимий иштерин пландаштыруу кафедра үчүн эле эмес, университет үчүн да орчундуу экендигин баяндап, окутуучуларды илимий иштерин чогу алып кетүүгө чакырды жана кафедрада илимий иш боюнча А.Т. Аргынбаевага жүктөлгөндүктөн, бул эжеке көзөмөл алуусу шарт экендиги көрсөтүлдү.

**Сүйлөөгө чыкты:**

- **Иматали к К** — кафедранын негизги сапаттык көрсөткүчү болуп саналган илимий иштер болушу зарыл. Анткени, жогорку окуу жайда иштеген окутуучу сөзсүз илимий иштерди жасайт, бул окуу жайдын талабы. Ошондой эле, жогорку маселелерге кошуп кете турган нерсе, илимий иштерге жооптуу окутуучуга жардамчы жаш кесиптештерден дайындап беришибиз керек. Анткени, бул процесстин жүргүзүлүшүндө жеке окутуучулардын гана илимий иштери каралбай, студенттердин да предметтер боюнча ийримдери жана илимий изилдөөлөрү эске алынат.

**Ар түрдүү маселелер**

**Угулду:**

Кафедра башчысы, филос.и.к., доцент **Юсупова Р.О,** 3-4-курстардын студенттери үчүн практикада орулуу адамдар менен болгон мамиледе кыргыз жана орус тилин үйрөнүүдөгү

маниси жана анын пайдаланышы канчалык деңгээлдерде экендиги жөнүндө айтып, ушул суроо боюнча предметтик окутуучулар менен тегерек стол уюштурулгандыгын белгиледи.

**Сөз сүйлөгөндөр:**

1. **Абдуллаева Б.А.** – ушул маселе көпчүлүктү ойлондуруп келген, ошондуктан студенттердин ойлору боюнча мурун кыргыз жана орус тилдеринен ийримдер жумасына бир жолу болсо, азыр эки жолудан уюштуруп берүүнү суранышкандыгын айтты.
2. **Осмонова К.Ж.** – Туура, мен дагы сиздердин оюңуздарга кошулам. Сабак учурунда көп сөздөрдү үйрөнүшөт, бирок практика көп болбогондуктан, тез арада унутуп калышкандыгын жана сөзсүз тил боюнча ийримдерди арбын өткөрүүнү сунуштады.

**Токтом кылынды:**

1. Кафедрадагы окутуучулардын өз ара сабакка катышуулары улантылсын жана бул иш окуу-методикалык иштерге жооптуу окутуучунун көзөмөлүнө алынсын.
2. Илимий иштерди уюштуруу активдештирилсин жана бул боюнча жооптуу А.Т. Аргынбаевага жардамчы болуп, Абытбек к Аймүрөк дайындалсын.
3. Студенттерге тил боюнча ийримдер жумасына эки жолудан өткөрүлсүн.

**Кафедра башчысы, ф.и.к., доцент:** Р.О. Юсупова.

**Катчы:** Алдашбек кызы Нагима.